«МАКУЛДАШЫЛГАН»

"Сапаттуу Билим" агенттигинин
негиздөөчүлөрүнүн чогулушунун
№___4____протоколу 22.07.2025ж.

«БЕКИТИЛГЕН»

Агенттиктин директору
Бостонова П.З.
_______________

# ЖОБО
## «САПАТТУУ БИЛИМ» БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫН ЖАНА ПРОГРАММАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО БОЮНЧА КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ АГЕНТТИГИНИН КӨЗӨМӨЛ КЕҢЕШИ ЖӨНҮНДӨ

**1. Жалпы жоболор**

1.1. «Сапаттуу билим» агенттигинин Көзөмөл кеңеши (мындан ары – Кеңеш) – бул Агенттиктин ишмердүүлүгүнө коомдук жана кесиптик көзөмөл жүргүзүүчү коллегиалдуу орган болуп саналат. Анын максаты – аккредитациялык процесстердин ачык-айкындуулугун, көзкарандысыздыгын, калыстыгын жана отчеттуулугун камсыз кылуу.

1.2. Кеңеш өз ишинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Агенттиктин Уставын, ушул Жобону жана билим берүүнүн сапаты боюнча эл аралык стандарттарды жетекчиликке алат.

1.3. Кеңеш Агенттиктин күнүмдүк ишмердүүлүгүнө кийлигишпейт, бирок стратегиялык өнүгүүгө жана ишке ашырылып жаткан негизги процесстерге мониторинг жүргүзүүгө, баа берүүгө жана сунуштарды берүүгө укуктуу.

**2. Кеңештин максаты жана милдеттери**:

2.1. Кеңештин негизги максаты – Агенттиктин ишмердүүлүгүнүн көзкарандысыз, калыс жана ачык-айкын жүргүзүлүшүнө көмөктөшүү жана коомдук-кесиптик көзөмөлдү камсыз кылуу.

2.2. Кеңештин милдеттери:

- Агенттиктин миссиясына жана максаттарына ылайык иш алып баруусун көзөмөлдөө;
- Агенттиктин ишмердүүлүгүнүн эл аралык сапат стандарттарына ылайыктуулугун талдоо;
- Агенттиктин ишмердүүлүгү боюнча отчетторду кароо;
- Агенттиктин стратегиялык өнүгүүсүнө сунуштарды берүү;
- Агенттиктин улуттук жана эл аралык деңгээлдеги оң имиджин түзүүгө көмөктөшүү;
- Агенттиктин ички жоболору боюнча пикирлерди жана сунуштарды берүү.

**3. Кеңештин курамы жана түзүлүү тартиби**

3.1. Кеңештин курамына төмөнкү өкүлдөр кирет:

- жогорку окуу жайларынын жана илимий уюмдардын өкүлдөрү;
- иш берүүчүлөрдүн жана кесиптик ассоциациялардын өкүлдөрү;
- студенттер жана бүтүрүүчүлөр;
- билим берүүнүн сапатын камсыздоо боюнча улуттук же эл аралык эксперттер;
- жарандык коомдун өкүлдөрү (мүмкүнчүлүккө жараша).

3.2. Кеңештин мүчөлөрү Агенттиктин негиздөөчүлөрүнүн жалпы чогулушунун чечими менен 3 жылдык мөөнөткө дайындалат. Бир эле адам кайра дайындалышы мүмкүн.

3.3. Кеңеш өз ичинен Төрага жана Катчыны тандайт.

3.4. Кеңештин мүчөлөрү өз ыйгарым укуктарын акысыз негизде аткарышат.

**4. Кеңештин ыйгарым укуктары:**

4.1. Кеңеш төмөнкү ыйгарым укуктарга ээ:

- Агенттиктин ишмердүүлүгүнө байланыштуу керектүү маалыматты сурап алуу жана алуу;
- Агенттиктин ишине тышкы баалоо жүргүзүүнү демилгелөө;
- стратегиялык документтердин долбоорлору боюнча сунуштарды берүү;

билим берүүнүн сапатын камсыздоо боюнча улуттук же эл аралык эксперттер;

- аккредитация процедураларынын көзкарандысыздыгына жана калыстыгына баа берүү;
- Агенттиктин башкаруу структурасына жана ички жоболоруна өзгөртүүлөрдү сунуш кылуу.

4.2. Кеңештин сунуштары жана тыянактары консультативдик мүнөзгө ээ, бирок аларды Агенттиктин жетекчилиги кароого милдеттүү.

**5. Кеңештин ишинин уюштурулушу:**

5.1. Кеңештин отурумдары жылына кеминде бир жолу өткөрүлөт. Зарыл учурда өзгөчө отурумдар Төраганын же Кеңеш мүчөлөрүнүн үчтөн биринин демилгеси менен өткөрүлүшү мүмкүн.

5.2. Отурум мыйзамдуу деп эсептелет, эгерде ага мүчөлөрдүн жарымынан көбү катышса.

5.3. Чечимдер добуш берүү жолу менен кабыл алынат. Эгер добуштар тең болуп калса, Төраганын добушу чечүүчү болуп эсептелет.

5.4. Ар бир отурумдун жыйынтыгы протокол аркылуу катталат жана ал Төрага менен Катчы тарабынан кол коюлат.

**6. Жыйынтык жоболор:**

6.1. Ушул Жобо Агенттиктин негиздөөчүлөрүнүн жалпы жыйыны тарабынан бекитилет жана күчүнө кирет.

6.2. Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор Кеңештин, Агенттиктин директорунун же негиздөөчүлөрдүн сунушу менен киргизилет жана тиешелүү тартипте бекитилет.